УДК: 80

Ибрахим Түркхан

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*
*Магистирант*

# КАСЫМ ТЫНЫСТАНОВ МЕНЕН ХУСЕЙИН КАРАСАЕВДИН ЧЫГАРМАЛАРЫ ЖАНА ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТАРЫ ТҮРКИЯДА

Ар бир улуттун кайсыл бир тармакта эмгектенген сыймыктуу чыгаан уулу же кызы болот. Алар аткарган иштери, өтөгөн кызматтары, калтырган эмгектери менен ошол элдин тарыхында орчундуу орун элеп калышат. Кыргыз элинин көрүнүктүү уулдарынан К.Тыныстанов жана Х.Карасаевдер да ошондой адамдардын катарына кирет.

К.Тыныстанов, 1920-жылдардан тартып, бейкүнөө жеринен атылып кеткенге чейин кыргыз тилине өтө зор салым кошкан адамдардын бири болууга үлгүрдү. СССР убагында К.Тыныстанов жөнүндө көп кеп кылынбаган менен, СССР тарагандан кийин эмгектери кайрадан бааланып, аты аттын кашкасындай билине баштады. Эмгектери бир гана кыргыз тили жана адабияты үчүн эмес, коңшулаш казак жана ёзбек адабияттары, ал түгүл алыскы түркия адабияты үчүн да баа жеткис деңгээлде экени азырынча билинбей турат деген ойдомун.

Ал эми Х.Карасаев ата болсо, башынан үч доорду өткөргөн адам жана тилчи болуп, кыргыз тилинин, салт-санаасынын унутулуп кетпеши үчүн даярдаган сөздүктөрү менен акыркы доордун Махмут Кашгари-Барсканиси экенин айтсак, аша чапкандык болбостур. Ал бир гана тилчи эмес, даанышман адам катары мурунку доорлордун мударистеринен келген салтты уланткан адамдардын бири экенин аны менен бир эле жолу сүйлөшкөн адамдар да айтар эле. Карасаев ата «Кыргызча-Орусча сөздүгүнүн» негизинде түзүлгөн «Кыргызча-Түркчө сөздүгү» менен 1945-жылдан бери Түркияда билинип келген. "Тилекке каршы, СССРдин жолтоолук кылганынан улам, Түркияга, түркологдордун жыйналышына бара алганым жок" -деп айтар эле. Тагдырдын буйругу менен болгон нерсеге өкүнүүгө болбойт тура! Ошондой болсо да ошол сөздүк аркылуу кыргыз-түрк адабий жана тил байланыштарына не деген салым кошконун айтууга сөз жетпес. Жана да, алдыда аткара турган аска тоодой иштер бар экенин айта кетиш абзел.

Бул макалада К.Тыныстановдун жана Х.Карасаевдин Түркияда жарык көргөн эмгектери, ошондой эле алар менен байланыштуу эмгектер боюнча сөз кылмакчыбыз.

***Адеп, Хусейин Карасаев жөнүндө жарык көргөн эмгектерге токтолсок:***

1. Ибрахим Түркхан, "Хусейин Карасаев менен акыркы маек". ДА журналы, - 2002-жылдын апрель саны
2. Ибрахим Түркхан, "Хусейин Карасаев менен акыркы маек". Кардеш Калемлер журналы, 2012-жылдын март саны;
3. Мунара Үмөталиева, "Хусейин Карасаевдин өмүр баяны жана чыгармалары"- которгон Ибрахим Түркхан. Кардеш Калемлер журналы, 2012-жылдын март саны;
4. Ибрахим Түркхан, "Кыргыз тилин куткарган адам". Кардеш Калемлер журналы, 2012-жылдын март саны;
5. Айдарбек Сарманбет, "Кылымга созулган өмүр жолдоштугу", которгон Ибрахим Түркхан. Кардеш Калемлер журналы, 2013-жылдын февраль саны;
6. Жүнейт Акын, Истанбул университети, "Хусейин Карасаевдин Камуснамеси" жөнүндө диссертациялык иш;
7. Гүлер Гүлсевин, Эге университети, "Хусейин Карасаевдин тилчилиги жөнүндө" диссертациялык иш.
8. Медетов А., Махмуд Кашгари университети, "Улуу тилчи Хусейин Карасаев"

макаласы;

9. Салих Мехмет Арчын, "Мухтасар тарихи кыргызы жөнүндө" макала, Х.Карасаев мисал келтирилет.

10. Жусубалиев Али, Сулейман Демирел университети, Эл аралык «Түрк дүйнөсүнүн мусулманчылыкка кошкон салымдары” конференциясы, "Ислам тарихи булактарынан бири - Кыргыз санжыралары"- Х.Карасаев мисал келтирилет;

11. Неждет Тосун, Тасаввуф журналы, "Кыргыз тарыхында жана маданиятында мистизм", Х.Карасаев мисал келтирилет;

12. Ахмедова Замира, Анкара университети, "Түрктөрдүн арасында мусулманчылыктын жайылуусунда мистизмдин ролу", диссертациялык иш, Х.Карасаев мисал келтирилет;

13. Гүлсине Узун, Мугла Сыткы Кочман университети, "Кыргызчага кошулган жат сөздөрдён үндүү тамгалардын түшүшү", диссертациялык иш, Х.Карасаев мисал келтирилет;

14. Хүлйа Касапоглу Ченгел, Мехмет Өзерен - Х.Карасаев жөнүндө макала;

15. Кундузов Эркинбек - диссертациялык иш, Х.Карасаев мисал келтирилет;

16. Вахит Гөкташ, akademiksemazen.net - "Кыргызстанда мистизмдин абалы", Х.Карасаев мисал келтирилет;

17. Орозобаев Майрамбек, Ардахан университети Түркология бөлүмү, "Түрк жана кыргыз тилдеринде ант берүү"- ACTA TURCİCA- Интернет Түркология журналы, июль 2013-жыл №5, 2-саны Х.Карасаев мисал келтирилет.

***Касым Тыныстанов боюнча жарык көргөн эмгектер:***

1. Касым Тыныстанов, "Кышкы Түндө" ыры, Которгон Ибрахим Түркхан. Бизим Күллие журналы, Кыргыз адабияты атайын саны, 2015-жылдын сентябры;

2. Касым Тыныстанов, "Манас Күмбөзү" ыры, Которгон Ибрахим Түркхан. Бизим Күллие журналы, Кыргыз адабияты атайын саны, 2015-жылдын сентябрь саны;

3. Орокчиев Тенти, "Х.Карасаев менен К.Тыныстанов жөнүндө маек", которгон Өмер Күчүкмехметоглу. Бержесте журналы, Кыргыз адабияты атайын саны, 2015-жылдын сентябрь саны;

4. Ташыбекова Мээрим, "Абдулмежит Мурзаев менен К.Тыныстанов жөнүндө маек", которгон Өмер Күчүкмехметоглу, Бержесте журналы, Кыргыз адабияты атайын саны, 2015-жылдын сентябрь саны;

5. Касым Тыныстанов, "Таштанды ит" ангемеси, которгондор Өмер Күчүкмехметоглу, Халит Ашлар, Бержесте журналы, Кыргыз адабияты атайын саны, 2015-жылдын сентябрь саны;

6. Максутова Сымбат, "Касымдын тили", которгон Гүлдана Мурзакулова. Бержесте журналы, Кыргыз адабияты атайын саны, 2015-жылдын сентябрь саны;

7. Абдыкеримова А.Э., "Касым жөнүндө", которгон Өмер Күчүкмехметоглу. Бержесте журналы, Кыргыз адабияты атайын саны, 2015-жылдын сентябрь саны, 50-бет;

8. Касым Тыныстанов, "Талаага тай өнүптүр", которгондор Өмер Күчүкмехметоглу, Халит Ашлар. Хеже повесть журналы, 2013-жылдын июнь саны, 109-110-бет;

9. Касым Тыныстанов, "Кыска ангемелер", которгондор Өмер Күчүкмехметоглу, Халит Ашлар. Бизим Күллие журналы, 2012-жылдын октябрь саны, 33-37-бет;

10. Касым Тыныстанов, "Алдар көсө жана шайтан", которгон Халит Ашлар. Бержесте журналы, 2016-жылдын 16-сан, 60-бет;

11. Касым Тыныстанов, "Дайыр менен Набек", которгон Өмер Күчүкмехметоглу. Көроглу журналы, 2016-жыл, 6-сан;

12. Конгантиева С.А., "Касым Тыныстановдун өмүр жолу, чыгармалары", которгон

Майрамгүл Дыйканбаева. Ала-Тоо адабияты журналы, Касым Тыныстановго арналган атайын саны, январь, 2016;

13. Чигдем Демир, "Касым Тыныстановдун окуу китеби". Ала-Тоо адабияты журналы, Касым Тыныстановго арналган атайын саны, январь 2016;

14. Мусаев Самар, "Латын жазуусу жана кыргыз алфавити", которгон Абдрасул Исаков. Ала-Тоо адабияты журналы. Касым Тыныстановго арналган атайын саны, январь, 2016;

15. Тентимишев Мундузбек, "Кылымда бир келген окумуштуу - Касым Тыныстанов", которгон Гүлдана Мурзакулова. Ала-Тоо адабияты журналы, Касым Тыныстановго арналган атайын саны, январь, 2016;

16. Артыкбаев Качкынбай, "Магжан Жумабаев, Мукай Элебаев, Касым Тыныстанов, Казак поэмасына таасирлери», которгон Ибрахим Түркхан. Ала-Тоо адабияты журналы, Касым Тыныстановго арналган атайын саны, январь, 2016;

17. Артыкбаев Качкынбай, "Аалы Токомбаев жана Касым Тыныстанов", которгон Ибрахим Түркхан. Ала-Тоо адабияты журналы, Касым Тыныстановго арналган атайын саны, январь, 2016;

18. Өмер Күчүкмехметоглу, "Сымбат Максутованын Касым Тыныстанов монографиясы тууралуу". Ала-Тоо адабияты журналы, Касым Тыныстановго арналган атайын саны, январь, 2016;

19. Өмер Күчүкмехметоглу, "Түркияда Касым Тыныстанов жөнүндө жарык көргөн эмгектер". Ала-Тоо адабияты журналы, Касым Тыныстановго арналган атайын саны, январь, 2016;

20. Касым Тыныстанов, "Баку Түркология конгрессинде жаны алиппеге өтүү тууралуу", которгон Өмер Күчүкмехметоглу. Көроглу журналы, 6-сан, 2016-жыл;

21. Касым Тыныстанов, "Өмүр жолум", которгон Өмер Күчүкмехметоглу. Көроглу журналы, 6-сан, 2106-жыл;

22. Карасаев Хусейин, "Касым Тыныстанов менен өткөн күндөрүм", которгон Майрамгүл Дыйканбаева. Көроглу журналы, 6-сан, 2016-жыл;

23. Максутова Сымбат, "Касым Тыныстанов–кыргызды кыргыз кылгандардын бири", которгон Гүлдана Мурзакулова. Бизим Күллие журналы, 53-сан, 2012-жыл, саны, 16-19-бет;

24. Абдыкеримова Э.А., "Касым Тыныстановдун драматургиядагы тажрыйбасы", которгон Өмер Күчүкмехметоглу Бизим Күллие журналы, 53-сан, 2012-жыл сентябрь саны, 20-22-бет;

25. Өмер Күчүкмехметоглу "Улуу тилчи Касым Тыныстанов", Бизим Күллие журналы, 53-сан, 2012- жыл, сентябрь, 23-24-бет;

26. Исаков Абдрасул, "Касым Тыныстанов боюнча кыргыз архивдериндеги материалдар". Бизим Күллие журналы, 53-сан, 2012-жыл, сентябрь, 25-32-бет;

27. Максутов Бактыбек, "Кыргыз аалым Касым Тыныстанов", которгон Майрамгүл Дыйканбаева. Бержесте журналы, 2016-жыл;

28. Максутова Сымбат, "Чырпыктынын асыл баласы", которгон Өмер Күчүкмехметоглу. Көроглу журналы, 6-сан, 2016-жыл;

29. Эркебаев Абдыганы, "Улуттун лидери Касым Тыныстанов", которгон Өмер Күчүкмехметоглу. Көроглу Журналы, 6-сан, 2016-жыл;

30. Сыдыкбеков Түгөлбай, "Качан Адылдык болот?", которгон Өмер Күчүкмехметоглу. Көроглу журналы, 6-сан, 2016-жыл;

31. Шеримкулов Медеткан, "Улуттук маданиятыбыздын фонариги", которгон Өмер Күчүкмехметоглу. Көроглу журналы, 6-сан, 2016-жыл;

32. Максутова Сымбат, "Касым Тыныстанов жөнүндө айтылгандар", которгон Өмер Күчүкмехметоглу. Бержесте журналы, 2016-жыл;

33. Айтматов Чынгыз, "Чоң-Таш Ата-Бейитинде жаткан шейиттерибиз", которгон Өмер Күчүкмехметоглу. Бержесте журналы, 2016-жыл;

34. Абдувалиев Ибраим, "Касым Тыныстанов - кыргыз грамматика китебинин алгачкы түптөөчүсү", которгон Өмер Күчүкмехметоглу. Бержесте журналы, 2016-жыл;

35. Орузбаева Бүбүйна, "Эне тилибиз китебинен", которгон Өмер Күчүкмехметоглу. Бержесте журналы, 2016-жыл;

36. Орокчиев Тенти, "Хусейин Карасаев менен К.Тыныстанов жөнүндө маек", которгон Өмер Күчүкмехметоглу. Бизим Күллие журналы, 2012-жыл, сентябрь, 2012-жыл, 53-сан, 10-13-бет;

37. Ташыбекова Мээрим, "Абдулмежит Мурзаев менен Касым Тыныстанов жөнүндө маек", которгон Өмер Күчүкмехметоглу. Бизим Күллие журналы, 2012-жыл, сентябрь, 53-сан, 10-13-бет;

38. Мурзаев Абдумежит, Мусаева Айымкан, "Кадыркул Даутов менен Касым Тыныстанов жөнүндө маек", которгон Майрамгүл Дыйканбаева. Бержесте журналы, 2016-жыл;

39. Орокчиев Тенти, "Касым Тыныстановдун аялы Турдубүбү Тыныстанова менен маек", которгон Өмер Күчүкмехметоглу. Көроглу журналы, 6-сан, 2016-жыл;

40. Максутова Сымбат, "Касым Тыныстановдун күйөө баласы Эмил Абакиров менен маек", которгон Өмер Күчүкмехметоглу. Көроглу журналы, 6-сан, 2016-жыл;

41. Хусейин Су, "Азыркы кыргыз адабияты" жыйнагы, Касым Тыныстанов "Талаага тай ёнүптүр" которгондор Өмер Күчүкмехметоглу, Халит Ашлар, февраль 2014, 181-182-бет;

42. Артыкбаев Качкынбай, "Кыргыз адабияты тарыхы, Касым Тыныстанов бөлүмү", которгон Майрамгүл Дыйканбаева. Бенгү басмаканасы, 2013, 138-159-бет;

43. Өзлем Акант, "Касым Тыныстановдун академия кечелери" пьесасынын котормосу. Богазичи Университети, Социалдык Билимдер Институту, диссертациялык иш;

44. Чигдем Демир, "Касым Тыныстановдун окуу китебинин талкууланышы", Гази университети, Социалдык билимдер институту, диссертациялык иш;

45. Жигитов Салижан, "Касым Тыныстанов". Түрк Йурду журналы, 2005-жыл, август саны, 25-том, 216-сан;

46. Ибрахим Түркхан, "Абдыкерим Муратов менен Аалы Токомбаев жөнүндө маек". Кардеш Калемлер журналы, 2015-жылы, май саны, К.Тыныстанов мисал келтирилет;

47. Кемал Гөк, "Кыргыз адабиятына киришүү. Кыргыз адабиятынын түзүлүү жылдары". Мина журналы, 2-сан, К. Тыныстанов мисал келтирилет;

48. Кадыров Медербек, "Кыргызстанда Жадитчилердин билим берүү жаатындагы иштери" Диний араштырмалар журналы, 2014-жылы, июнь саны, 17-том, 45-сан, К.Тыныстанов мисал келтирилет;

49. Др.Айдын Идил (Эски Элчи), "1917-жылдагы төнкөрүш жана кыргыздар", Хидрополитик Академи Журналы, К.Тыныстанов мисал келтирилет;

50. Эмрах Кузан, "Касым Тыныстановдун ырларынын тил жана усулдук жактан талкууланышы", диссертациялык иш;

51. Ахмет Буран, "Куршунланан (Окко Учураган) Түркологиа" китеби, К.Тыныстанов мисал келтирилет;

52. Тщркия маданият министрлиги, е-китеп, К.Тыныстанов менен байланыштуу бөлүм;

53. Халит Ашлар, "Азыркы кыргыз адабиятында биографиялык роман", Elektronic

Turkish Studies, 2015, К. Тыныстанов мисал келтирилет;
54. Айтматова Роза, "Тарыхтын ак барактары - эскерүү китеп". Салкымсөгүт Басмаканасы, 2011, К.Тыныстанов мисал келтирилет;
55. Уфук Тузман, филолог, изилдөөчү, "Ата-Бейит Кыргыны", К.Тыныстанов мисал келтирилет;
56. cokbilgi.com. "Совет доорунда Кыргызстан", К.Тыныстанов мисал келтирилет;
57. Халит Ашлар, "Азыркы түрк-кыргыз адабиятынын таасирленүүсү". Бүлент Эжевит университети, түрк жана дүйнө адабиятында таасирленүүлөр Симпозиуму, 2012-жылы, октябрь, К.Тыныстанов мисал келтирилет;
58. Гүл Бану Думан, "Орус адабиятынын таасиринде өскөн кыргыз адабияты". Бүлент Эжевит университети, Түрк жана дүйнө адабиятында таасирленүүлөр Симпозиуму, 2012-жылы, октябрь, К.Тыныстанов мисал келтирилет;
59. Эрден Өзкант, yenimakale.com, "Чынгыз Айтматовдун атасы жана кыргыз калкынын трагедиясы - "тарыхтын ак барактарында", К. Тыныстанов мисал келтирилет;
60. Шүкрү Халук Акалын, "Кыргыз тили", К. Тыныстанов мисал келтирилет;
61. Йүжел Танай, "Орустар жасаган кыргындар - Ата-Бейит кыргыны", К.Тыныстанов мисал келтирилет;
62. aygunhoca.com, "Кыргыз-Түрк адабияты", К.Тыныстанов мисал келтирилет.

Көрүнгөндөй эле, Түркияда жарык көргөн эмгектердин басымдуу бөлүгү, К.Тыныстанов менен Х.Карасаевдин жеке чыгармалары эмес, алар менен же алардын эмгектери менен байланыштуу макала же тездик иштерден турат. Демек, кыргызстандык жана түркиялык адабият изилдөөчүлөрү үчүн алдыда аткарыла турган көптөгөн иштер бар экендигин айта кетсек, жаңылышпайбыз. Бул жерде Х.Карасаев менен байланыштуу эмгектердин аздыгы көңүл бурдура тургандай экени байкалат. Анын иштеген багытынын түркиялык изилдөөчүлөрдүн кызыгуусун туудура электигин айтсак болот. Бирок анын салымы менен түзүлгөн «Кыргызча-Түркчө сөздүктүн» Түркияда тээ 1945-жылдардан бери колдонула келгенин да эске алышыбыз керек! Ал эми тилчи жана адабиятчы катары К.Тыныстановдун эмгектеринин кийинки жылдарда азыркыдан да көп изилдөөгө алынарына шек жок.

Мен оюмча, Касым Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин ар бир окутуучусу жана студенти Хусейин ата менен К.Тыныстановдун мандай тери менен жан берген чыгармаларын баалап, алардын жолун жолдоп, Түркияда дагы, бөлөк түрк мамлекеттеринде дагы элдин оозуна алынган азыркыдан да көп эмгектерди жаратат. Мен макаламдын аягында, кыргыз адабиятынын түркиялык күйөрманы катары, бул багытта иштейм деген изилдөөчүлөр менен иштөөгө даяр экенимди айткым келет.